УДК: 39(575.1):930.85

**Авазов Эрнис Абдыманапович**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент
Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети,
Тарых кафедрасы

# ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНДӨГҮ ЭТНОМАДАНИЙ ИНТЕГРАЦИЯ МАСЕЛЕЛЕРИНИН В.П. ЖАНА М.В. НАЛИВКИНДЕРДИН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНДӨ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

**Авазов Эрнис Абдыманапович,**
кандидат исторических наук, доцент
Джалал-Абадский государственный университет им.Б.Осмонова,
Кафедра История,

# ОПИСАНИЕ ВОПРОСОВ ЭТНОКУЛЬТУРНОЙ ИНТЕГРАЦИИ В ФЕРГАНСКОЙ ДОЛИНЕ В ИССЛЕДОВАНИЯХ В.П. и М.В. НАЛИВКИНЫХ

**Avazov Ernis Abdymanapovich**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Jalal-Abad State University named after B. Osmonov,
Department of History

# DESCRIPTION OF THE ISSUES OF ETHNOCULTURAL INTEGRATION IN THE FERGHANA VALLEY IN THE RESEARCH OF V.P. AND M.V. NALIVKIN

**Аннотация.** Падышачылык доордогу изилдөөчүлөр тарабынан Фергана өрөөнүндө жашаган элдердин этникалык тарыхынын негизги аспектилерин, алардын салттуу жашоо образын, адеп-ахлагын, үрп-адаттарын, ырым-жырымдарын жана жалпы эле материалдык жана руханий маданияттына таандык көптөгөн маалыматтарды чогултуу, системалаштыруу, классификациялоо, талдоо жана жалпылоо үчүн көп иштердин жасалгандыгы маалым. Алардын катарында аталган изилдөөчү жубайлар — В.П. жана М. В .Наливкиндердин салымы чоң. Макала Орусия империясынын колониялык саясатынын шарттарында Фергана өрөөнүндөгү этномаданий интеграцияны талдоого арналган. Фергана өрөөнүндөгү этномаданий интеграция процессин уникалдуу тарыхый көрүнүш катары карашкан орусиялык изилдөөчүлөр. В.П. жана М. В. Наливкиндердин эмгектерин талдоого олуттуу орун берилген. Авторлордун аймактын ар түрдүү этносторунун өз ара аракетин тарыхый, маданий жана социалдык өзгөрүүлөрдүн өңүтүнөн этникалык курамдын трансформациялануу жана маданияттар аралык байланыштарын, ошондой эле интеграциялык процесстердин шарттарында салттуу маданияттын элементтеринин сакталышына талддого алышкандыгы көрсөтүлдү.

**Негизги сөздөр:** Фергана өрөөнү, этномаданий интеграция, маселелер, Наливкиндер, изилдөөлөр, чагылдырылышы

**Аннотация.** Известно, что исследователями царской эпохи была проделана большая работа по сбору, систематизации, классификации, анализу и обобщению основных аспектов этнической истории народов, населявших Ферганскую долину, их традиционного образа жизни, нравов, обычаев, обрядов и в целом многих сведений, относящихся к материальной и духовной культуре.Среди них значителен вклад супругов — исследователей В.П. и М.В. Наливкиных. Статья посвящена анализу этнокультурной интеграции в Ферганской долине в условиях колониальной политики Российской империи. Значительное место отведено анализу трудов российский исследователей В.П. и М.В. Наливкиных которых исследуется процесс этнокультурной интеграции в Ферганской долине как уникальный исторический феномен. Рассматриваются аспекты взаимного влияния русского и местных этносов через призму эко-

номического сотрудничества, образовательной и религиозной политики. Показано, что авторам удалось проанализировать взаимодействие различных этносов региона с точки зрения исторических, культурных и социальных изменений, трансформации этнического состава и межкультурных связей, а также сохранения элементов традиционной культуры в контексте интеграционных процессов.

***Ключевые слова:*** Ферганская долина,этнокультурная интеграция, проблемы, Наливкины, исследования, описание.

**Annotation.**It is known that researchers of the tsarist era did a lot of work to collect, systematize, classify, analyze and summarize the main aspects of the ethnic history of the peoples who inhabited the Fergana Valley, their traditional way of life, customs, customs, rituals and, in general, many information related to material and spiritual culture.Among them, the contribution of the V.P. and M.V. Nalivkin research spouses is significant. The article is devoted to the analysis of ethnocultural integration in the Ferghana Valley in the context of the colonial policy of the Russian Empire. A significant place is devoted to the analysis of the works of Russian researchers V.P. and M.V. Nalivkin, who study the process of ethnocultural integration in the Ferghana Valley as a unique historical phenomenon. The aspects of mutual influence of Russian and local ethnic groups are considered through the prism of economic cooperation, educational and religious policy. It is shown that the authors were able to analyze the interaction of various ethnic groups in the region in terms of historical, cultural and social changes, the transformation of ethnic composition and intercultural relations, as well as the preservation of elements of traditional culture in the context of integration processes.

**Keywords:** Ferghana Valley,ethnocultural integration, problems, Nalivkins, research, description.

Падыша өкмөтүнүн метрополия аймактарынан орус тектүү букараларын улуттук чет жакаларга көчүрү саясатынын ишке ашырылышы Түркстандын башка чөлкөмдөрү сыяктуу эле Фергана өрөөнүнүн жашоосуна жаңы этникалык, тилдик жана диний-маданий компоненти алып келген. Бул жагдайлардын айрым өңүттөрү бир топ деңгээлде ата мекендик жана чет элдик изилдөөчүлөр тарабынан отор доорунан баштап бүгүнкү күнгө дейре изилденип келүүдө.Учурдагы ааламдашуунуну шарттарында этномаданий интеграция маселеси актуалдуу бойдон калууда. Андыктан изилдөөдө Фергана өрөөнүндө тарыхый жактан калыптанган көчмөн жана отурукташкан жамааттарга кылым тогошуусундагы өзгөрүүлөрдүн таасир этүүлөрүнө учкай сереп салуу максаты көздөлдү.

Жалпы Түркстан чөлкөмү анын ичинде Фергана өрөөнү Орусияга бириктирилгенден кийин падышачылык өкмөттүн алдында каратылып алынган кайсы бир деңгээлде тааныш болбогон жаңы аймактарды интеграциялоо маселеси турган. Мындан улам улуттук чет жакалардагы бейтааныш дүйнөнү ар кайсы илимдердин таризинде изилдөө иштерин колго алуу зарылдыгы жаралган. "Ошентип, империянын чет жакаларын башкаруунун практикалык административдик кызыкчылыктарына негизделген Россия империясынын мамлекеттик бийлиги аталган аймактардагы элдеринин тарыхын жана этнографиясын изилдөөгө түрткү берген. Ата мекендик этнографияда орус элинин өзүн изилдөө Россия империясында жашаган башка элдерге караганда бир кыйла кеч башталган. Изилдөө процессине мамлекеттик илимий мекемелер (окуу, академиялык), коомдук илимий уюмдар" камтылган"[1, 156]. Анын жыйынтыгында бир катар саякатчы окумуштуулар изилдөөлөрүн жүргүзүшүп, чөлкөмдүн географиялык, тарыхый-этнографиялык өнүттөрүн ачып беришкен. Белгилей кетсек өрөөндүн элдери боюнча сандык жана тарыхый- этнографиялык маалыматтарды чогултуу аймакты басып алуу иши жүрүп жаткан мезгилде да улантылган. Кыязы, мындай маалыматтарга стратегиялык маание берилген болушу керек. Алсак, чыгыш таануучу А. Л. Кун Түркстан генерал-губернатору тарабынан этнографиялык жана статистикалык изилдөөлөр үчүн жооптуу катары дайындалган. Ал "Түркстан альбомунун" археологиялык, этнографиялык жана кол өнөрчүлүк

бөлүмдөрүн даярдоого катышкан жана Хива жана Кокон жөнүндө бир катар кызыктуу макалаларды жазган. Ал тарабынан Кокон хандыгы боюнча этнографиялык маалыматтар топтолгон[2, 71-72]. Ага удаа эле Кокон хандыгы тууралу очерки[3, 59-70] жарык көргөн. Мында калктын саны жана анын бөлүштүрүлүшү жөнүндө, түштүктөгү отурукташкан жашоо кечиришкен өзбектер жана тажиктер, түндүктөгү көчмөндөр, алардын ичинен кыпчактардын анчалык көп болбосо да өнүккөндүгү жөнүндөгү маалыматтар менен бөлүшкөн. Мындай саамалык падыша бийлиги орногон алгачкы жылдарда ырааттуу улантылган. Чөлкөмдүн элдеринин жаратылышын, флорасын, фаунасын, климатын, рельефин, этногенезин жана этностук тарыхын, уруулук курамын, маданиятын жана турмуш-тиричилигин изилдөө боюнча көп каражаттар талап кылынгандыгына карабастан пландуу экспедициялар уюуштурулган. Алардын изилдөөлөрү жана илимий багыттары тарыхый-этнографиялык багытта болбогону менен эмгектеринде аталган инсандар өз эскерүүлөрүндө, отчетторунда аймактардын тарыхы, этникалык курамы тууралуу маалыматтар чагылдырылган. Аны менен катар Орусиядан көчүп келишкен орус тектүү келгиндер, алардын жайгашуулары жергиликтүүлөр менен болгон мамилелери тууралуу айрым маалыматтарды калтырышкан. Алсак, академик А. Ф. Миддендорфтун 1877-жылы Фергана өрөөнүнө жасаган сапарында өрөөндөгү калктарга этнографиялык жана антропологиялык байкоолор ишке ашкан. Ал Ферганадагы өзбектердин, тажиктердин, кыргыздардын толук мүнөздөмөсүн картага түшүрүп, ал элдин физикалык турпатынын айырмачылыктарын жана антропологиялык жактан типтеринин өтө көп экендигин белгилеген. Ушундай эле максатта И.В Мушкетов 1877-жылы Алай жана Памирге саякат жасаган. Эмгекте 1877-жылдагы саякаттын күндөлүгү жазылган, анда басып өткөн жолдору жана барган жерлердин геологиялык мүнөздөмөсү, пайдалуу кен байлыктары кеңири баяндалган. Мындай маалыматтар менен кошо Алай өрөөнүндөгү кыргыз байы уюштурган ат чабыш байге тууралуу этнографиялык таризде маалымат калтырылган[4, 52-54]. Аталган сапарлар Фергана өрөөнүнүн этникалык картасы тууралуу маалыматтарды алгач ирет чагылдырышкандыктары менен айырмаланат.

Оторчулук бийлик орнотулгандан кийинки коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө жүргөн өзгөрүүлөр өрөөндөгү этникалык процесстердин интенсивдүү өнүгүшүнө түрткү берген. Мындан улам экспедицияларда этнографиялык маалыматтарды жыйноодон айырмаланып, колониялык бийликтин шарттарындагы этномаданий интеграция маселесине кайрылган изилдөөчүлөрдүн тобу жаралган. Алардын арасында маданий жуурулушууну, орусташтырууну каалабагандар да болгон. Башкысы алар жаңы шарттарда жергиликтүү калктардын дүйнө таанымында, ынанымдарында, жүрүм турумунда жада калса кебете кешпиринде кандай өзгөрүүлөр жүргөндүгүнө токтолушкан. Булардын көч башында В. П. Наливкинди белгилөөгө болот. В. П. Наливкин 1873-1875-жылдарда генерал М. Д. Скобелевдин жетекчилиги астында Хива жанаКокон аскердик жортуулдарына катышкан мурдагы аскер кызматчысы болгон. 1876-жылы аскер кызматы менен коштошкон В.Наливкин Фергана облусунун Наманган уездинин башчысынын жардамчысы болуп дайындалган. Бул кызматты аркалоодо жергиликтүү элдин тилин, турмушун, аймактын тарыхын билбегендигине байланыштуу бир катар кыйынчылыктарга туш болгон. 1878-жылы чиновниктин карьерасын таштап, жубайы Мария Владимировна менен бирге алгач отурукташкан кыпчактардын арасында, андан кийин Наманган уездиндеги Нанай аттуу кичинекей кыштакта алты жыл жашаган. Элеттиктердин арасында жашоо ага жогорудагы боштуктарды толтурууга шарт түзгөн.Жубайлар Түркстанда жарым кылымдан ашык жашашып, жергиликтүү элдердин тилин жана каада салттарын өз алдынча өздөштүргөн окумуштуулар болушкан деп саноого болот. Тил үйрөнүү жаатында орус-сарт[5], орус-перс[6] сөздүктөрүн, усулдук практикалык сунуштаманы [7] да даярдашкан жана Кокон хандыгынын тарыхы[8] боюнча жалпыга маалым болгон айтылуу эмгегти жазган.

«Сарт» термини авторлорго отурукташкан жана дыйканчылык менен алектенген өзбектерди жана тажиктерди уруу-уруу болуп жашаган көчмөн жана жарым көчмөн кыргыздардан айырмалоого мүмкүндүк берген. Айрым маалыматтарда автордун отурукташкан жамаатка тиешелүү түркий тил катары сарт тилин назарга алгандыгын белгилешет. Алар тарабынан жазылган «Очерк быта женщины оседлого туземного населения Ферганы»[7] деген аталыштагы эмгек жергиликтүү отурукташкан элдердеги аялдардын коомдук жана үй-бүлөлүк абалын биринчи өз алдынча изилдөөгө алган колониялык доордогу алгачкы орусиялык изилдөө болуп саналат. Эмгекте Фергана өрөөнүндөгү аялдардын жашоосунун бардык жактары, анын ичинде алардын турак жай жана идиш-аяктары, сырткы көрүнүшү жана кийим-кечектери, аялдардын адаттары жана алектенүүлөрү, үй-бүлөдөгү абалы, кош бойлуулук жана төрөт, куда түшүү жана никелешүү, көп аялдуулук, ажырашуу жана жесирлик, сойкулук сүрөттөөгө алынган. Аялдардын үй турмушу жана колдонгон идиш-аяктарына арналган бөлүгүндө тургундардын үйлөрүн кантип куруп, иретке келтиргендиги тууралуу маалыматтар камтылган. Авторлор ошол кездеги орустардай эле кызга караганда эркек баланын төрөлүүсүнө артыкчылык берилгенине кайрылышкан. Уул төрөлгөндө чоң тойлор өткөрүлсө, кыз төрөлгөндө эң болсо кой союлгандыгын назарга алышкан. Ымыркайлардын өлүмүнө байланыштуу айрым ысымдардын келип чыгышы түшүндүрүлгөн. Алсак, Турсун («калсын»), Тохта («токтоп калсын») жана Махкам («бекем») Сатыбалды» («сатып алды») жана «Саткын» («сатып алынган») ысымдары мисалга алынган. "Акыркы учурда баланы башка эмчек эмизген аялга 5-6 күн берип, анан жууунтуп коюшкан, эми бала сөзсүз өлбөйт деген ойдо болушкан" [7, 177]. Никелешүү маселесине келгенде авторлор ажырашкан, жесир жубандарга үйлөнүүдө калың толук төлөнбөгөндүгүн белгилешкен. Бул болсо авторлордун пикири боюнча, европалык аялдарга салыштырмалуу ажырашкан аялды толугу менен эркин кылган, анткени турмушка чыккандан кийин кызынын үстүнөн ата-эненин бийлиги күчүн жоготкон, ал эми экинчи күйөөсүнө жаңы никеге кирүү жеңилдеген, ал үчүн төлөш керек эмес болгон" [7, 197]. Бул тууралуу изилдөөсүндө учурдагы белгилүү изилдөөчү В.Котюкова эмгек боюнча буга чейин жарыяланбаган академик Н.И.Веселовский тарабынан жазылган рецензияны түп нускасында жарыялап,анда Веселовский М.В. Наливкинанын китепти жазууга кошкон зор салымы болгондугун баса белгиленгендигине токтолгон. Сын пикир ээси Мария Владимировнаны "биринчи орус аял-этнографы" деп атагандыгын жана аны Владимир Петровичтин шериги жана жардамчысы гана эмес, толук кандуу кызматташы деп баа бергендигин сөзгө алган. Ага улай: "Очеркте" Ортоазиялык аялдын (отурукташкан аялдын) бешиктен кабырга чейинки бүт жашоосу, анын бардык түйшүгү, кубанычы, үмүтү, көп аял алуу салты менен шартталган жашоосу чагылдырылган. Ал тогуз жылдык байкоолордун натыйжасы болуп чыгат, авторлор бир нече жыл жергиликтүү тургундар менен чогуу жашашкан, демек, теманы алыстан эмес, булактан байкашкан",[8,64]- деп, эмгек күбөлөрдүн көргөн билгендеринин негизинде жазгандыгын эске салган. Учурдагы этникалык маселелер боюнча чыгаан адистердин бири Сергей Абашин аталган автор тууралуу «жаркын жана драматикалык кейипкер В.П. Наливкин тарыхчылардын арасында ар кандай баа берүүлөрдү жаратып жатса да, анын илимий ишмердиги эч кандай шексиз бойдон калууда. Анын тил илими, тарых жана этнография боюнча изилдөөлөрү уникалдуу катары азыр да таанылып келет",[9, 28-29]-деп таасын баа берген. Аталган эмгек авторлорго Түркстандагы илимий коомчулуктун арасында кадыр барк алып келген. Албетте бүгүнкү күндүн белесинен алардын бул эмгегин заманбап илимий стандарттар боюнча объективдүү деп атоого мүмкүн эмес болсо да, майда-чүйдөсүнө чейин жазылгандыгын эске алсак чындыкка коошкондугун байкоого болот.

В.П. Наливкин А. Ф. Миддендорфтун "Очерки Ферганской долины"[10] атуу китебине карата жазган пикиринде Фергана өрөөнүндөгү калктын экономикасынын чыныгы абалын жана анын табиятын жакшы билгендиктен А.Ф. Миддендорфтун китебин-

де айтылган бир катар ырастоолорду сынга алган. Ал академиктин айткандары калкка салыктын чегерилишине таасирин тийгизбей койбойт деп коркконун жазган. В.П Наливкиндин пикири боюнча, Миддендорфтун үстүртөн изилдөөсү жергиликтүү тилди билбегендиктин кесепети болгондугун, мындан улам бир катар так эместиктерге жана каталарга жол берилгендигине токтолуп, Фергана өрөөнүнүн көпчүлүк бөлүгүн тажиктер ээлейт деген көрсөтмөлөрү туура эместигин, анткени негизги калкы өзбектер экендигин белгилеген.

В. П. Наливкиндин бул жааттагы кийинки изилдөөсү 1913-жылы жарык көргөн «Туземцы раньше и теперь»»[11] деген эмгеги болгон. Автордун негизги максаты Түркстан аймагынын түпкү эли басып алынгандан бери канчалык жана кандай мамиледе өзгөргөнүн чагылдырууга арналып, жергиликтүү калктын жашоосунда орун алган социалдык, маданий жана экономикалык өзгөрүүлөргө сереп салган. Салттуу жана оторчулук доорундагы жашоо образын салыштыруу, экономика жаатындагы жылышытарга, билим берүү жана модернизация маселелерине, аялдардын абалындагы өзгөрүүлөргө көнүл бурган. Бир сөз менен айтканда колониялык саясаттан улам болгон трансформацияларды жана салттуу жашоо образы менен модернизациянын өз ара аракетин, аймактын гармониялуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзүүчү маданияттар аралык диалогдун зарылдыгын түшүндүрүүгө аракет кылган. "Жергиликтүү администрация өрөөндүн түпкүлүктүү калкынын динине, каада-салтына зыян келтирип алуудан этияттанып, бирок европалык маданиятка жуурулушуусуна аракет кылган.Ошол эле учурда табийгый мүнөздө интеграция процесси жүргөн"[12,9]. Албетте мындай жараян эки тараптуулук жана карама-каршылыктар менен коштолгон. Бир жагынан, бириктирүүчү мүнөздөгү консолидациялык, ассимиляциялык жана интеграциялык процесстер кеңири жайылган. Экинчи жагынан, бөлүнүүчү ролду ойногон жана элдердин жана алардын топторунун обочолонгондугун сактоого салым кошкон бир нече факторлор болгон.Эске салсак аталган автор ошол учурда колониялык саясатка сын көз караш менен карган авторлордун бири болгон.

Падыша бийлиги экспедициялардан сырткары статистикалык маалыматтарды чогултууну уюштуруп, аны ыраттуу жарыялоо ишин колго алган. Белгилей кетсек, жергиликтүү жана борбордук басма сөз беттеринде жайгаштырылган бир топ этнографиялык жана статистикалык эмгектер ошол кездеги офицерлер жана чиновниктер тарабынан жазылгандыгын белгилөөгө болот. Алардын кай бирлери бул багытта атайын тапшырма менен иш алып барышкан болсо, айрымдары күнүмдүк кызматтык ишмердүүлүгүндө жергиликтүү калк менен иштешүүгө туура келгендиктен кызмат жүзөсүндөгү кызыкчылыктары менен изилдөөчүлүккө келип калышкан.Зыянга алып келбеген жуурулушууну жактаган жубайлардын жупуну эмгектери орусиялык социумга интеграцияланууга багытталган. Алар байкап жазышкандай элдерде этникалык аспектилердин бекемделиши алардын көчмөндүк же отурукташкан жалпылыктардагы аң-сезиминдеги өзгөрүүлөр менен коштолгон. Бул өңүт абдан манилүү, анткени жогорудагы этносоциалдык жараяндар бул жамааттарда бирдей жүрбөгөн. Көчмөн жана жарым көчмөндук турмуштагы кыргыздардын отурукташууга өтүүсү ишке аша баштаса, отурукташкан жамааттагылар шаарларда европалык маданияттын белгилерин өздөштүрө башташкан.Келгиндер арасында болсо шаардык жана кыштактык жалпылыктар калыптанган. Бул жагдайлар, тактап айтканда падышачылыктын үстөмдүгүнүн шарттарындагы этномаданий интеграция жараянынын аталган жалпылыктарга ар кандай даражада таасир этүү маселелерин талдоо өзүнчө көнүл буруууга арзыйт жана изилдөө иштерин илгерилетүүгө жатат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Горлова И. И., Еремеева А. Н,, Костина Н. А. Историко-этнографические исследования народов России как ресурс национальной политики (XVIII — начало XX века) //Религиозная и национально-культурная политика государственной власти в Российской империи. М.; Краснодар, 2015147- с.165.

2. Кун А.Л. Сообщения А. Куна о Кокандском ханстве// Известия Императорского Русского географического общества.1876. т XII, с. 71-72.

3. *Кун А.Л. Очерк Кокандского ханства// Известия Императорского Русского географического общества. -1876 т. XII, с. 59-70.*

4. Собрание сочинений Ивана Васильевича Мушкетова. Вып. 2. 1877 г.-СПб.- 1912. -с. 52-54.

5. Наливкин В.П. Русско-сартовский и сартовско-русский словарь общеупотребительных слов с приложением краткой грамматики по наречиям Наманганского уезда. Казань : Унив. тип., 1884. - 478 с

6. Наливкин В.П. Русско-персидский словарь общеупотребительных слов по наречиям Туркестанского Края / Сост. В. Наливкин. – Казань.- 1888. -394,с

7. Наливкин В.П. Руководство к практическому изучению сартовского языка .-Самарканд : Самарканд. обл. стат. ком.- 1898.- 333 с

8. В. Наливкин, М. Наливкина. Очерк быта женщины оседлого туземного населения Ферганы. - Казань:типография Императорского университета.- 1886. - 245 с.

9. В. Котюкова Очерк быта женщины оседлого туземного населения Ферганы В.П. И М.В. Наливкиных Неопубликованные рецензии// Восточный архив.- № 1 (33),- 2016.- с.64.

10. Абашин С. В.П. Наливкин: «…будет то, что неизбежно должно быть; и то, что неизбежно должно быть, уже не может не быть…» // Полвека в Туркестане. В.П. Наливкин: биография, документы, труды. М.: Издательский дом Марджани, -2015.- с. 28-29.

11. Наливкин, В. П. По поводу книги А. Ф. Миддендорфа «Очерки Ферганской долины» .-Туркестанские ведомости, 1883, № 35-39.

12. Абдрашев А.Б., Авазов Э.А. XIX к.аягы -XX к.башындагы Фергана өрөөнүндөгү этномаданий процесстер// ОшМУнун Жарчысы.-2014. №3-9-б.

УДК 394/395

**Сандыбаева А.Д., Динашева Л.С.**
Международный университет туризма и гостеприимства, Туркестан, Казахстан

## НАСЕЛЕНИЕ ТУРКЕСТАНСКОГО РЕГИОНА В XVIII – НАЧАЛЕ XX ВВ.: КУЛЬТУРА, СОЦИАЛЬНЫЕ И ПОЛИТИЧЕСКИЕ ИНСТИТУТЫ

**Сандыбаева А.Д., Динашева Л.С.**
Международный университет туризма и гостеприимства, Туркестан, Казахстан

## НАСЕЛЕНИЕ ТУРКЕСТАНСКОГО РЕГИОНА В XVIII – НАЧАЛЕ XX ВВ.: КУЛЬТУРА, СОЦИАЛЬНЫЕ И ПОЛИТИЧЕСКИЕ ИНСТИТУТЫ

**Сандыбаева А.Д., Динашева Л.С.**
Международный университет туризма и гостеприимства, Туркестан, Казахстан

## НАСЕЛЕНИЕ ТУРКЕСТАНСКОГО РЕГИОНА В XVIII – НАЧАЛЕ XX ВВ.: КУЛЬТУРА, СОЦИАЛЬНЫЕ И ПОЛИТИЧЕСКИЕ ИНСТИТУТЫ

**Аннотация**. В статье рассматриваются демографические, культурные, социальные и политические аспекты развития населения Туркестанского региона в XVIII – начале XX века. Анализируется этнокультурное взаимодействие оседлого и кочевого населения, влияние миграционных процессов и колониальной политики Российской империи на хозяйственные и